**Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясынын жалпы жыйыны**
**Протокол №23/1**

Онлайн 27-январь 2023-жыл

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин катына ылайык жана жалпы КМКАнын мүчөлөрүнүн макулдугу менен жыйын онлайн өткөрүлдү. Жыйынды КР ССМнин медициналык билим берүү жана илим бөлүмүнүн башчысы, медицина илимдеринин кандидаты, доцент – Ж.Э.Жусупбекова ачып берди.

Катышуучулар: Ассоциациянын мүчөлөрү, медициналык колледждин директорлору (*тизме тиркелет*)

**Күн тартиби:**

1. КМКАнын төрагасынын 2018-2023-жылдарга отчету.
   1.1. *Клиникалык базалар боюнча актуалдуу маселелерди талкулоо*
   1.2. *КМКАнын Стратегиялык планын жана 2023-жылга карата иш планын бекитүү.*
   1.3. *Жоболорду бекитүү:*
      1. *Негизги кесиптик билим берүү программаларынын жобосу;*
      2. *ДОМКнин жобосу;*
      3. *Клиникалык наасатчылардын жобосу;*
      4. *Академиялык мобилдүүлүктүн жобосу.*
   1.4. *2022-жылы бекителген мамлекеттик стандарттардын негизинде окуу пландарды кайрадан карап чыгуу боюнча жумушчу топту бекитүү.*
   1.5. *КМКАнын бирдиктүү электрондук китептердин базасын түзүү боюнча жумушчу топ түзүү.*
   1.6. *КМКАнын биринчи съездин өткөрүү боюнча уюштуруу комитетин түзүү.*
   1.7. *КМКАнын алдында медициналык колледждердин студеттеринин жана бүтүрүүчүлөрүнүн асоциациясын түзүү.*

2. КМКАнын потенциалын баалоо боюнча “Гражданское согласие" коомдук фондунун маалыматы.
3. КМКАнын төрагасын шайлоо.
4. Ар турдуу маселелер
   ✓ КМКАнын штатын, 2023-жылга КМКАнын сметасын, аймактагы координаторун жана ревизиялык комиссиясын мүчөлөрүн бекитүү.

1. **Угулду.**

Күн тартибиндеги биринчи маселеле боюнча Ассоциациясынын төрагасы Ө.Т.Станбаев Кыргызстандагы медициналык колледждердин Ассоциациясынын 2018-2023-жж аралыгындагы ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы боюнча отчет берди. КМКАнын төраганын отчетунан соң берилген суроолорго жооп берип, жыйындын катышуучуларынын сунуш-пикирлери талкууланды. Сунуш-пикирлерди эске алуу менен төраганын отчету бир добуштан “канаттандыраарлык” деп табылды.

Отурумдун жүрүшүндө клиникалык базалар боюнча актуалдуу маселелер, КМКАнын Стратегиялык планын жана 2023-жылга карата иш планы, 2022-жылы бекителген мамлекеттик стандарттардын негизинде окуу пландарды кайрадан карап чыгуу боюнча жумушчу топту түзүү, КМКАнын бирдиктүү электрондук китептердин базасын түзүү боюнча жумушчу топ бекитүү, КМКАнын биринчи съездин өткөрүү боюнча уюштуруу

комитетин түзүү жанп КМКАнын алдында медициналык колледждердин студенттеринин жана бүтүрүүчүлөрүнүн ассоциациясын түзүү боюнча маселелер каралып, талкууланды жана аталган маселелерди аткаруу боюнча жумушчу топтор бекитилди.
Төмөндөгү жоболор КМКАнын сайттына талкууга коюлп, окуу-усулдук борбору тарабынан каралып сунуш, пикирлерди эске алуу менен жыйындын катышуучулары тарабынан бекитүүгө бир добуштан сунушталды, каршы – калыс жок.

1. *Негизги кесиптик билим берүү программаларынын жобосу;*
2. *ДОМКнин жобосу;*
3. *Клиникалык наасатчылардын жобосу;*
4. *Академиялык мобилдүүлүктүн жобосу.*

2. **Угулду.**

Күн тартибиндеги экинчи маселеледе КМКАнын потенциалын баалоо жана КМКАнын ишмердүүлүгү боюнча жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча “Гражданское согласие" коомдук фондунун өкүлү Аида Курбанова маалымат берди. Баалоонун жыйнытыгы жалпысынын канааттандырарлык экенин билдирип, стратегиялык план иштеп чыгуу жагына жакшыраак басым жасоо белгиленди жана стратегиялык планды түзүүдө атайын семинар-тренингдерди өтүп берүү сунушун берди.

3. **Угулду.**

Күн тартибиндеги үчүнчү маселеледе төрага КМКАнын уставына ылайык төраганы шайлоо мөөнөтү келгендигин маалымдап, жыйындын катышуучуларына сунуштарды берүүн суранды.

**Сөзгө чыкты:** ТокмокМКнин, Кызыл-Кыя МКнин, БМКнын, МФКнин, ИСИТО, Майлы-Суу ж.б. колледждеринин директорлору сөзгө чыгып, отчетто маалымат ачык-айкын берилгенин белгилешип, мындан 5 жыл мурда Ө.Т.Станбаев КМКАны түзүүнү сунуштаганын жана алдыга койгон миссиясын жана милдеттерин так аткарып жаткандыгын, Кыргызстандагы бардык медициналык колледждердин башын бириктиргенин эске алып, ассоциациянын алдыга койгон максаттары толугу менен аткарылышы үчүн учурдагы төрага Ө.Т.Станбаевди кайра дагы шайлоону сунушташтды. Сунуш көпчүлүктүн колдоосуна ээ болуп Ө.Т.Станбаевдин талапкерлиги добушка коюлду.
Шайлоонун жыйынтыгы төмөндөүчө:

- ✓ КМКАнын мүчөлөрүнүн саны – 27 (27 медициналык колледж)
- ✓ Жыйынга катышкандардын саны: 24
- ✓ “Добуш” – 24
- ✓ “Каршы” – 0
- ✓ “Калыс” – 0

**4. Угулду**

Күн тартибиндеги ар түрдүү маселелерде КМКАнын штаты, 2023-жылга сметасы, аймактык координаторлору жана ревизиялык комиссиясын мүчөлөрүн каралып талкуууланды жана сунуштарды эске алуу менен бекитилди. Уставка кээ бир пуктарына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча КМКМнын төрагасы Станбаевдин сунушу каралды, ар бир пункт боюнча талкууланып өзгөртүү киргизүүгө уруксат берилди.

**Ассоциациянын жалпы чогулушу төмөндөгүдөй токтом кылат:**

1. КМКАнын төрагасынын отчету “канаттандырарлык” деп табылсын.
2. КМКАнын өнүгүү потенциалын баалоо боюнча мониторингдин негизинде сунуштарды эске алуу менен стратегиялык план түзүү жагы белгиленсин.
3. КМКА тарабынан иштеп чыккан жоболор каралып бекитүүгө окуу усулдук борборуна, ССМне сунушталсын.
4. КМКАнын Штаты, 2023-жылга сметасы, ревизиалык комиссия мүчөлөрү бекитилсин.
5. КМКАнын алдында медициналык колледждердин студегттеринин жана бүтүрүүчүлөрүнүн ассоциациясы түзүлсүн.
6. КМКАнын төрагалыгына ӨЭМК колледжинин директору Станбаев Өзгөнбай Тиллабаевич дайындалсын.
7. Уставка киргизилген өзгөртүүлөрдү юстиция тарабынан регистациялоо КМКАнын төрагасы Ө.Т.Станбаевге милдеттендирилди.
8. Төмөндөгү протоколдун негизинде буйрук чыгаруу жагы КМКАнын төрагасы Ө.Т.Станбаевге милдеттендирилсин.

Бекитилген документтердин тиркемелери жана макулдашуу баракчасы тиркелет.

Төрага: Станбаев Ө.Т.

Жооптуу катчы: Тойгелди кызы А.

ИНН 02807201